КЫРГЫЗ ТИЛИ 11-КЛАСС ВАРИАНТ № 3

(окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)

Аты-жөнү: _____

2020

№ 1. Төмөндө көрсөтүлгөндөрдүн кайсынысы публицистикалык стилге таандык экендигин белгилеңиз.
А) очерк **Б)** аннотация
В) реферат **Г)** резюме

№ 2. Үндөштүк закону сакталган сөздү белгилеңиз.
А) шакирттер **Б)** калктардын
В) меймандар **Г)** шаршемби

№ 3. Өтмө маанидеги сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
А) Циркте арстан оттон секирди.
Б) Отту жакканды жакшы көрчү.
В) Көздөрү оттой жанчу экен.
Г) Кечкисин жаштар отту тегеренип ырдашты.

№ 4. Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү экендигин белгилеңиз.
Теңирберди арык, узун бойлуу, сөөктүү адам болчу. Муруту кыроодой ак. Жүзү коло сыяктуу. Акылман сөөлөттүү адам эле.
А) баяндоо
Б) сүрөттөө
В) ой жүгүртүү
Г) эч бирине тиешелүү эмес

№ 5. Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү экендигин белгилеңиз.
Дүйнөдөгү эң ири жаныбарлар – киттер. Эзелтен эле адамдын көңүлүн өзүнө буруп келген деңиз алптары.
Кит кургакта 1 метр да жыла албайт. Себеби өзүнүн массасын көтөрүүгө күчү жетпейт.Суу соолуп калса, бир нече саатта өлүп калат.
А) сүрөттөө
Б) ой жүгүртүү
В) баяндоо
Г) эч бирине тиешелүү эмес

№ 6. Указ кайсы стилге таандык экендигин белгилеңиз.
А) көркөм стиль
Б) публицистикалык стиль
В) илимий стиль
Г) расмий стиль

№ 7. Тыныш белгиси туура коюлган сүйлөмдү белгилеңиз.
А) Чолок акыл, – деди чоң атам, – чокко салат.
Б) “Чолок акыл – деди чоң атам – чокко салат”.
В) “Чолок акыл,” – деди чоң атам, – чокко салат.
Г) “Чолок акыл, – деди чоң атам, – чокко салат”.

№ 8. Сүйлөмдөн цитатаны аныктаңыз.
Жазуучу өз макаласында баатырлыкты мындайча чечмелейт: “Баатырлык билекте эмес, жүрөктө”.
А) Жазуучу өз макаласында
Б) баатырлыкты мындайча чечмелейт
В) чечмелейт
Г) “Баатырлык билекте эмес, жүрөктө”.

№ 9. Толуктоочтук милдетти аткарган фразеологизмдерди белгилеңиз.
А) Иши төөнүн куйругу жерге тийгенде бүтчүдөй болуп калды.
Б) Жылан чакпай, жылкы теппей эле таарынып калыптыр.
В) Ал эми сай сөөгү сыздаган боюнча калды.
Г) Андай ишти атка жеңил, тайга чактарга гана берүү керек

№ 10. Аныктоочтук милдетти аткарган фразеологизмдерди белгилеңиз.
А) Тилинен чаң чыккандардын айтышы болду.
Б) Менин атам кабыргасы менен кеңешип, иш кылат.
В) Окуя каш-кабактын ортосунда болду.
Г) Ал эзели чычканга кебек алдырбайт.

№ 11. Бышыктоочтук милдетти аткарган фразеологизмдерди белгилеңиз.
А) Ал баягыдай жылкы кыялын карматып жатты.
Б) Кантейин, ичтен чыккан ийри жыланды кыя албадым.
В) Мурдагыдай үй күчүк адаты калыптыр.
Г) Бул жерди коён жатагына чейин билет.

№ 12. Тыбыш менен тамганын саны дал келбеген сөздү белгилеңиз.
А) жеңил **Б)** башкарма
В) бермет **Г)** оозунан

№ 13. Туура жазылган сөздөрдү белгилеңиз.
А) отузеки, эчкачан
Б) Абу-Али-Ибн-Сина, акын-жазуучу
В) бололек, ден-соолук
Г) мый-мый, үй бүлө

№ 14. Кайсы катардагы мүчөнү уласак, жаңы маанидеги сөз жасала тургандыгын белгилеңиз.
Араба__ , унут__ .
А) -кеч, -чаак **Б)** -лар,-ту
В) -ны,-кан **Г)** -дан,-тук

№ 15. Кыймыл-аракеттин өзү тарабынан ишке ашкан сүйлөмдөрдү белгилеңиз.
А) Өнөрү менен эл оозуна алынышты.
Б) Өнөрү менен эл оозуна жеткирди.
В) Өнөрү менен элдин оозун ачырышты.
Г) Өнөрү менен эл оозуна алынды.

ТЕКСТТИ КӨҢҮЛ КОЮП ОКУП, №16-20 ЧЕЙИНКИ ТАПШЫРМАЛАРДЫ ТЕКСТТИН НЕГИЗИНДЕ АТКАРЫҢЫЗ.

Көл көктөмү

(1) Көл жээгиндеги бак аралаган төп жолдо асман жылдыздарын ыйбаа карап, айсыз сейилге чыкканбыз.(2) Жээктеги тамдын жарыктары көл бетине чагылып, жарышкан ичке жолдорду түшүрүп турат.

(3) Караңгыда булуңга ыктаган өрдөктөрдү көрбөсөк деле , баркылдаган үндөрүн жакын жерден угабыз.

(4) Капыстан баратып, тык токтой калдык. (5) Ошол кезде бака чардап жиберди. (6) Мына уктунузбу?

(7) Булбулдун үнүн тыңшагансып, баканын обочодон чардаганына далайга кулак түрүп турдук.

(8) Улуу табияттын койнунда бардык үн назик экенин ошондо бир билдим. (9) Жаратылышта ага жат, бөтөн ашыкбаш нерсе болбойт. Бизге муну табият үйрөтөт көрүнөт. (10) Бу сонунду адамдар угуп-көрө алар бекен деп, ал акылдуусунган бизге собол таштап жүрбөсүн?!

(11) Ушу тапта кыбыр эткен куштун, жандыктын үнү мага өтө жагымдуу угулуп, теребелим баштагыдан кооз көрүндү. (12) Ушунча көнүл сергитип, магдыраткан береги баканын чардаганы да кошумчадыр?! (13) Бу мага сырдуу аян, насаат болду. *(Кенеш Жусупов)*

Лексика бөлүмү боюнча тапшырма:

№ 16. 6-сүйлөмдөгү <u>аян</u> деген сөздүн маанилешин табыңыз.
А) табышмак **Б)** сыр
В) түш **Г)** белги

№ 17. 7-сүйлөмдө эмнеге далайга кулук түрүп турдук?
А) булбулдун үнүн тыңшагансып
Б) баканын чардаганына
В) улуу табияттын койнуна
Г) капыстан баратып

№ 18. 8-сүйлөмдө апвтор эмнени билди?
А) жаратылышын ага жат экенин
Б) баканын чардаганын
В) табиятта бардык үн назик экенин
Г) өрдөктөрдү

№ 19. Текстте автор эмнеге суктанат?
А) асман-жылдыздарга
Б) табият койнуна
В) кунтун үнүнө
Г) көл көктөмүнө

№ 20. Табият бизди эмнеге үйрөтөт?
А) булбул үнүн тыңшаганга
Б) жаратылышта ашыкбаш нерсе болбостугуна
В) сейилге чыкканга
Г) жылдыздарга суктанганга

Тесттин жыйынтыгын баалоо:

- Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат. Тестке жалпы максималдуу 20 балл берилет.
- Топтолгон баллды 5 баллдык баалоо шкаласына которуу**:**

Балл	Баа
1-6	"2"
7-10	"3"
11-14	"4"
15-20	"5"